JW.ORG™
PDF файлын www.jw.org/ky сайтынан жүктөп алгыла

# Жакып пайгамбардын уулдары

БАШТАЛЫШ 37-БӨЛҮМ

Балдарыңарга ылайыктуу жана кызыктуу боло турган тапшырмаларды тандап, үй-бүлөңөр менен чогуу талкуулагыла.




## БАШТАЛЫШ КИТЕБИНИН 37-БӨЛҮМҮН ОКУГУЛА

Андан соң сүрөт түрүндөгү окуяны (онлайн түрүндө же PDF файлын кагазга чыгарып алып) окуп чыгып, аягында берилген суроолорду талкуулагыла.

**ТАПШЫРМА:** Балдарыңар Жакып пайгамбардын Жусупка белек кылып берген узун кооз кийимин тартышсын. Элестетип тартыш үчүн «Ыйык китептик аңгемелер» деген китептин 19 жана 21-аңгемесин карагыла.

## КАГАЗГА ЧЫГАРА ТУРГАН ДАГЫ БАШКА ТАПШЫРМАЛАР



### СҮРӨТ ТҮРҮНДӨГҮ ТАПШЫРМА

**ЭМНЕСИ ТУУРА ЭМЕС ТАРТЫЛГАН?** Кичинекей балдарыңар сүрөттө кайсы эки нерсе туура эмес тартылганын табышсын. Андан соң бош жерлерге суроолордун жообун жазып, сүрөттү боёшсун. Анан сүрөттөгү окуяны айтып беришсин.



### ЫЙЫК КИТЕПТИ ИЗИЛДӨӨ ҮЧҮН ТАПШЫРМА

**МЕН КИММИН?** Чоңураак балдарыңар аяттарды окуп, Жакып пайгамбардын уулдарынын аттарын жазышсын.



### ЧОГУЛТУП, ИЗИЛДЕ

**ЫЙЫК КИТЕПТЕГИ ИНСАН.** Кыскача таржымалды окуп чыгып, балдарыңарга карточкадагы суроолорду бергиле. Андан соң ушул жана башка карточкалардагы мезгил сызыгын колдонуп, балдарыңарга Ыйык Китептеги инсандарды эки топко бөлүп, Иса пайгамбарга *чейин* жашагандарды өзүнчө, Иса пайгамбардан *кийин* жашагандарды өзүнчө жайгаштырууга жардам бергиле.

www.jw.org © 2013 Watch Tower Bible and Tract Society of Pennsylvania